КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
АК-СУУ РАЙОНУ

КЫДЫР АКЕ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
КЫДЫР АКЕ

**II чакырылышынын кезектеги 12-сессиясы**

# ТОКТОМ

03.03.2026 № 23 Ак-Суу айылы

**Кыдыр Аке айыл аймагынын 2024-2027-жылдарга карата социалдык-экономикалык өнүгүү программасына (СЭӨПко) толуктоолорду киргизүү жана Коомдоштуктардын демилгеси боюнча улуттук долбоордун алкагында каржылоого сунушталган чакан долбоорлорду бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамына, Коомдоштуктардын демилгелери боюнча улуттук долбоордун талаптарына, Жумушчу топтун 2026-жылдын 2-февралындагы протоколуна жана коомдук угуунун жыйынтыгына таянып,айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши токтом кылат:

1.Кыдыр Аке айыл аймагынын курамына кирген айылдарда Жумушчу топ тарабынан өткөрүлгөн фокус топтук талкуулоонун жана айылдарда онлайн аркылуу талкуулоо жана добуш берүүнүн жыйынтыгында аныкталган көйгөйлөр жана сунуштар талкууланып жумушчу топтун протоколундагы тизме боюнча айыл аймактын Социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын тийиштүү бөлүмдөрүнө тиркемеге ылайык толуктоолор киргизилсин.

2. Коомдоштуктардын демилгелери боюнча улуттук долбоорунун (НПИС) алкагында каржылоо үчүн Социалдык экономикалык өнүгүү программасынын иш-аракеттер планына ылайык төмөнкү чакан долбоор сунушталсын:

-Социалдык инфраструктуралык чакан долбоордун аталышы:
«Кайырма-Арык айылына бала бакча салуу»
-Экономикалык багыттын аталышы:
«Туристтик инфраструктура ( ысык суулар)» Ак-Суу жана Энилчек айылы.

3. Айыл өкмөтүнө төмөнкүлөр милдеттендирилсин:
3.1. Социалдык инфраструктуралык чакан долбоор боюнча зарыл болгон документтердин топтому даярдалып, АРИСке жөнөтүлсүн.
3.2. Долбоор тарабынан бөлүнө турган акча каражаты жетпей калган учурда, жергиликтүү бюджеттен кош каржылоо камсыз кылынсын.
3.3. Чакан долбоорду ишке ашырууда ачык-айкындуулук жана коомчулукту маалымдоо камсыз кылынсын.
3.4. Экономикалык багыт боюнча Коомдоштуктардын демилгелери боюнча улуттук долбоордун конкурсуна тийиштүү документтер даярдалып тапшырылсын.

4. Бул токтомдун аткарылышына көзөмөлдөө жүргүзүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Ш.Кобонбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.С.Акунов**